Simbank
by DOSCREDOBANK

# Жеке жактарга кредиттик линияны берүү жөнүндө айкын оферта

Ушул Айкын оферта келишими (мындан ары – Келишим) Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан 2017-жылдын 22-июнунда берилген № 037 лицензияга, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана анын Уставына ылайык, КРда накталай эмес төлөмдөрдү өнүктүрүү үчүн жеке жактар «Дос-Кредобанк» ААКда (мындан ары – Банк) колдонулган кредиттик продукттарды пайдалануу же колдонуу ниетин билдирген учурда Банк менен өз ара мамилелерди жөнгө салат. Ушул Келишим Банктын «Simbank» продуктунун алкагында жеке жактарга керектөө кредитин берүүнүн шарттарын жана эрежелерин аныктайт жана Келишимдин жоболору КР жараны эмес жеке жактарга жайылтылбайт.

## НЕГИЗГИ ТЕРМИНДЕР:

**Электрондук санариптик кол тамга** – электрондук формадагы башка маалыматка кошулган жана (же) ага логикалык жактан аны менен байланышкан, анын атынан маалыматка кол койгон адамды аныктоо үчүн пайдаланылуучу электрондук формадагы маалымат. Бул жабык ачкыч аркылуу кол койгон адам менен байланыштуу болгон электрондук кол тамга коюуга мүмкүндүк берген уникалдуу маалыматты билдирет. Кардардын электрондук кол тамганы колдонуусу (жеке кабинетте OTP же макулдук менен, же электрондук кол тамганы колдонуу менен электрондук документтерге кол коюуга алып келген «Simbank» мобилдик колдонмосунда аракеттерди жүзөгө ашыруу менен) Кардардын өз колу менен койгонго окшош юридикалык аракеттерди жана кесепеттерди тастыктайт. Электрондук кол тамганы колдонуу менен кол коюлган бардык электрондук документтер Кардардын жазуу жүзүндө кол койгон кагаз документтерине мааниси бирдей. Ушул Келишимде электрондук кол тамга катары «Электрондук кол тамга жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык жөнөкөй электрондук кол тамга каралат.
Электрондук санариптик кол тамга өз колу менен койгон кол тамганын аналогу болуп саналат.
**Кардар** – ушул Келишимди кабыл алган жана ушул Келишимде көрсөтүлгөн Банктын кызматтарын пайдаланууну ниет кылган жана/же пайдаланган жеке жак – КР жараны;
**Банктын сайты**: https://simbank.kg.
**Минималдуу ар айлык төлөм –** Кардар төлөөгө тийиш болгон калдык карыздан эсептелген минималдуу ар айлык сумма;
**Акчага айландыруу** – накталай акча каражаттарын (чыгашаларды) банкомат, POS-терминал аркылуу же мыйзамдарда каралган жана Банк тарабынан колдонулган башка ыкмалар менен алуу операциясы;
**Накталай эмес эсептешүү** – товардын же кызматтын наркын накталай акчаны колдонбостон, карта менен POS-терминал, мобилдик колдонмо же Интернет аркылуу төлөө;
**Кредит** – келишимге ылайык аларды жана келишимде каралган пайыздарды жана (же) башка төлөмдөрдү кайтаруу шартында, күрөө менен же күрөөсүз, белгилүү бир мөөнөткө (мөөнөтүн узартуу укугу менен) жаңылануучу кредиттик линия формасында белгилүү бир суммада кредитке берилген акча каражаттары, сатып алган товарлар же кызмат көрсөтүүлөр үчүн накталай эмес эсептешүүлөр үчүн пайдаланылышы мүмкүн.
**Кредит келишими** – анын негизинде Банк акча каражаттарын (кредитти) Кардарга келишимде каралган өлчөмдө жана шарттарда берүүгө милдеттенген, ал эми Кардар алынган акча суммасын кайтарып берүүгө жана ага пайыздарды төлөп берүүгө милдеттенген, кредиттик линияны берүү жөнүндө келишим.

**Жаңылануучу кредиттик линия** – кредиттик лимитти белгиленген лимиттин чегинде жана жеткиликтүүлүк мезгилинде бир нече жолу колдонуу, ал карыздын төлөнүшүнө жараша автоматтык түрдө жаңыртылат.
**Жеңилдетилген мезгил** - кредиттик лимиттин бардыгын же бир бөлүгүн биринчи транзакция күнүнөн кийинки айдын аягына чейин колдонуу мезгили.
**OTP (бир жолку пароль)** - Кардардын бир жолку аутентификациясы үчүн колдонулган коддун жардамы менен пайдаланылган электрондук санариптик кол тамга.
**Маалыматты алып жүрүүчү** – маалыматты анын максатына ылайык келген убакыт аралыгында сактоого жана сакталган маалыматты өзгөртүүсүз пайдаланууга мүмкүндүк берген ар кандай каражат;
**Комиссиялык сый акы** – Банктын тарифтерине жана/же ушул Келишимдин жоболоруна ылайык аныкталуучу, Банк тарабынан көрсөтүлгөн кызматтар үчүн Кардар төлөөгө тийиш болгон сый акы;
**Тарифтер** – кызмат көрсөтүү үчүн аныкталган төлөм/комиссия, анын ичинде кредиттик линия боюнча чегерилген пайыздар, төлөмдү кечиктиргени үчүн пайыздар, картадан акча которуу боюнча операциялар үчүн аныкталган комиссиялар, операцияларды накталай акчага айландыруу үчүн комиссиялар, продукт менен камсыз кылынбаган өзгөчө пайдалары жана кызматтар (кредиттик каражаттардын максатсыз пайдаланылышы) ошондой эле Банктын сайтында же мобилдик колдонмосунда «Тарифтер» бөлүмүндө көрсөтүлгөн башка комиссиялар. Тарифтер ушул Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет. Банк маалыматты расмий сайтка же мобилдик колдонмодо жайгаштыруу менен колдонуудагы тарифтерди бир тараптуу тартипте өзгөртүүгө укуктуу. Тарифтерге байланыштуу өзгөртүүлөр расмий сайтка же мобилдик колдонмодо жайгаштыргандан кийин 10 (он) календардык күндөн кийин күчүнө кирет.
**Мобилдик колдонмо** – "Дос-Кредобанк" ААКдан "Simbank" мобилдик банктык сервиси. Интернетке кошулуу аркылуу колдонула турган жана өзүнө банктык кызматтарды камтыган атайын программалык камсыздоодо түзүлгөн колдонмо.

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Ушул Келишим Банктын тарифтерине ылайык мөөнөттө Банк менен Кардардын ортосундагы мүмкүн болгон кредиттик мамилелерди жөнгө салат. Кредит берүү шарттары Кредит келишими менен аныкталат.
1.2. Ушул Келишим эч кандай учурда Банктын Кардарга Кредит берүүгө убадасы катары чечмеленбейт.
1.3. Ушул Келишимге электрондук санариптик кол тамганын (OTP) жардамы менен кол коюу аркылуу Кардар Кредитти кароого жана алууга билдирмени жөнөтөт.
1.4. Түзүлгөн Кредит келишиминин алкагында кардарга Банктын тарифтерине ылайык мөөнөт менен, ушундай эле мезгилге узартуу мүмкүнчүлүгү менен «Simbank» продукту боюнча кредиттик линия түрүндө Кредит бөлүнүшү мүмкүн. Төлөм картасынын колдонуу мөөнөтү аяктагандан кийин Кардарга бөлүнгөн кредиттик линияны колдонуу Кардарга жаңы төлөм картасы берилгенге чейин Банк тарабынан чектелет.
1.5. Банк тарабынан Кредит берүү жактырылган учурда, Кардарга таанышуу үчүн мобилдик колдонмодо электрондук кредит келишими сунушталат, каттоо учурунда көрсөтүлгөн электрондук почтага кошумча жөнөтүлөт. Кредит келишими картаны активдештирүүдө жана мобилдик колдонмодо пин-кодду түзүүдө Кардар жана Банк тарабынан кол коюлган болуп эсептелет, кол коюлгандан кийин каттоо учурунда көрсөтүлгөн электрондук почтага кошумча жөнөтүлөт.
1.6. Кардар кредиттик каражаттарды пайдаланууга чейин, аларды алуудан баш тартууга укуктуу. Бул үчүн Банктагы Кардарларды тейлөө бөлүмүнө жеткиликтүү болгон бардык ыкмалар аркылуу кайрылуу керек.
1.7. Банк Кардарга мобилдик колдонмо жана/же башка электрондук ыкма аркылуу кредиттик линиянын суммасын жана валютасын, төлөө мөөнөтүн жана төлөө шарттарын,

кредит боюнча колдонулуучу жылдык пайыздык ченди жана/же башка төлөмдөрдүн өлчөмүн жана аларды колдонуу шарттарын, ошондой эле иш жүзүндөгү жылдык пайыздык ченди жана анын эсебине киргизилген бардык комиссияларды, Кардар тарабынан жүзөгө ашырылууга тийиш болгон төлөмдөрдүн өлчөмүн, санын жана мезгилдүүлүгүн, ошондой эле милдеттенмелерди аткаруудан жетишсиз же ашыкча төлөмдөрдү алып салуу ыраатуулугун чагылдырган маалыматтарды, ошондой эле мыйзамдарда каралган башка маалыматтарды берет. Кредит келишиминин тиркемесинде көрсөтүлгөн маалыматтарды алуу жана Кардардын ушул тиркемеде көрсөтүлгөн шарттарда Кредитти бөлүүгө макулдугу электрондук формада ишке ашырылат. Кардар менен Кредит келишими түзүлгөндөн кийин ага бөлүнгөн кредиттик линиянын суммасы «Simbank» продукту боюнча кардарга ачылган тиешелүү эсепке которулат.

1.8. Ушул Келишимдин алкагында Кардарга бөлүнүүчү кредиттик лимиттин максималдуу суммасы 200 000 (эки жүз миң) сомду түзөт, кредиттик линиянын максималдуу мөөнөтү 24 (жыйырма төрт) айды түзөт.

1.9. Кредиттик линиянын колдонуу мөөнөтү аяктагандан кийин Банк Кардарга жаңы кредиттик линияны ачышы мүмкүн.

1.10. Кардар түзүлгөн Кредит келишиминин шарттарын кабыл алуу менен, Банктын чечимине ылайык кредиттик лимитти көбөйтүүгө Банкка буйруу берет.

1.11. Кардар Кредит келишиминин шарттарына ылайык жеткиликтүү лимиттен пайыздарды/айыптарды/туумдарды жана Банк тарабынан белгиленген тарифтерге ылайык пайда болгон башка төлөмдөрдү акцептсиз тартипте бир тараптуу эсептен алууга буйруу берет.

## 1. Кредит берүү жана тейлөө

2.1. Кардар ушул Келишимге кол коюу аркылуу Келишим түзүп, төмөндөгүлөрдү ырастайт:

2.1.1. Кардар кредит берүүнүн шарттары жана кредиттин болжолдуу жалпы наркы ж.б. жөнүндө маалымат менен таанышкан жана Банктан тиешелүү документтерди алган жана алар менен макул болот, атап айтканда:

- Банктын – юридикалык жактын аталышы жана жайгашкан жери;
- кредиттөө шарттары (атап айтканда, кредиттин мүмкүн болгон суммасы; кредит алынышы мүмкүн болгон мөөнөт; кредиттин максаты; камсыздоонун түрү)
- кредит боюнча пайыздык ченди жана кредитти алуу үчүн милдеттүү болгон үчүнчү жактардын кошумча же коштоочу кызматтары жөнүндө келишимдерди түзүү зарылчылыгы тууралуу маалыматты эске алуу менен, кредиттин наркы (анын ичинде реалдуу жылдык пайыздык чендин) болжолдуу жалпы.

2.2. Кардар кредиттөө шарттары жана кайтарымдуулук шарттары менен, эсепти ачуу, жүргүзүү жана жабуу шарттары менен, ошондой эле тарифтер жана Кардар Кредит келишими боюнча төлөөгө тийиш болгон каражаттардын бардык суммалары менен; кредитти берүүгө, тейлөөгө жана төлөөгө байланыштуу Банктын бардык комиссияларынын (тарифтеринин) тизмеси, өлчөмү жана эсептөө базасы менен, анын ичинде, бирок артыкчылыктуу эмес, кредиттик карызды тейлөө, эсептик-кассалык тейлөө, валюта-алмашуу операцияларын ж.б. боюнча чыгашалар; Кардардын Кыргыз Республикасынын Мыйзам талаптарына жана/же Келишимдин шарттарына ылайык үчүнчү жактардын пайдасына келип чыккан башка финансылык милдеттенмелеринин тизмеси жана өлчөмү менен таанышты, түшүнөт жана макул; Кардар Кредиттик лимит Банктын чечими боюнча белгилене турганына макул жана Кардар Банкка каалаган учурда Кредиттик лимитти өзгөртүүгө (азайтууга же жокко чыгарууга) укук.

2.3. Кардар Кредиттин ээси жана акыркы пайда алуучусу өзү экендигин тастыктайт.

2.4. Кардар жогоруда берилген бардык маалыматтардын анык экендигин, чыныгы фактыларга дал келгендигин тастыктайт жана өзүнүн ишмердигин андан ары талдоого макулдугун билдирет, сүрөткө же видеого тартууга жана өзү жөнүндө бардык керектүү

маалыматтарды алууга макулдугун берет. Банк Кардарга кредит берүү же бербөө боюнча чечим кабыл алууга таасир этиши мүмкүн болгон маалыматка ээ деп эсептеген, Кардарга белгилүү же белгисиз болгон ар кандай жакка кайрылуу укугун өзүнө калтырат. Банк Кардар тарабынан берилген бардык маалыматтар катуу купуя жана кредиттик лимит боюнча чечим кабыл алуу үчүн гана пайдаланыла турганын кепилдейт.

2.5. Кардар колдонмодо көрсөтүлгөн бардык маалыматтык жана жарнамалык мүнөздөгү материалдардын жөнөтмөсүн телефон номерлерине алууга макул.

2.6. Берилген маалыматтын шарттары менен таанышып, Кардар төмөндөгүлөргө макул экендигин тастыктайт:

2.6.1. Жеке маалыматтарды чогултууга жана иштеп чыгууга/сактоого/өзгөртүүгө (№1 тиркеме).

2.6.2. Жеке маалыматтарды жана салык сырын түзгөн маалыматтарды чогултууга жана иштеп чыгууга (№2 тиркеме).

2.6.3. Кредиттик тарых маалыматтарын чогултууга/иштеп чыгууга/ сактоого/текшерүүгө жана кредиттик бюрого берүүгө (3-тиркеме).

2.7. Банк Кардарга төлөм картасын же анын реквизиттерин пайдалануу менен жүргүзүлгөн бардык чыгаша операцияларына төлөө үчүн, ошондой эле Кардардын түзүлгөн Кредит келишиминде каралган комиссияларды жана төлөмдөрдү төлөшү үчүн Кредит берет.

2.8. Кредиттөө лимити жана анын колдонуу мөөнөтү түзүлгөн Кредит келишиминде көрсөтүлгөн шарттарга ылайык белгиленет.

2.9. Пайдаланууга карата лимит Банктын ички жол-жоболоруна таянуу менен Банк тарабынан эсептелет жана белгиленет жана Кардарга электрондук түрдө мобилдик колдонмо аркылуу же аралыктан тейлөө каналдарын пайдалануу менен башка ыкма аркылуу көрсөтүлөт.

2.10. Кардар келишимдик милдеттенмелерди бузууга жол берген учурда жана Банктын ички ченемдик документтеринде каралган учурларда, ушул Келишим боюнча Банктын Кардар тарабынан пайдаланылбаган кредиттик лимиттин суммасы боюнча милдеттенмелери кайтарылып алынуучу болуп саналат, башкача айтканда, Банк өзүнүн баш тартуусун негиздебестен, кредиттик лимиттин жеткиликтүүлүгүн берүүдөн баш тартууга укуктуу.

2.11. Кредиттик лимитти пайдаланууда Кардар Тарифтерге ылайык Банктын кызмат көрсөтүүлөрүнүн наркын эске алуу менен Кредиттик лимиттин чегинде мобилдик колдонмодо менен же банк картасы аркылуу операцияларды жүргүзүүгө тийиш.

2.12. Кредиттик лимит боюнча карыз болгон учурда бардык толукталган каражаттарды Банк Келишим боюнча карызды төлөөгө жумшайт.

## 1. Кредиттөө, кредиттик пайыздар жана кечиктирүүлөр боюнча эсептөө жана кайтарып берүү эрежелери

3.1. Кардардын Кредиттик карызы кредиттик линиядан чыныгы пайдалануу менен пайда болот, башкача айтканда, карта аркылуу кез келген формада (POS-терминал, GooglePay ж.б.) кредиттик линиянын эсебинен акчалай төлөмдөр жасалган мезгилден баштап, ошондой эле кредиттик лимитти максатсыз пайдалануу (накталай акча алуу жана кредиттик линиянын эсебинен которуулар) учурда дагы.

3.2. Милдеттенме мөөнөтү өтүп кеткен деп эсептелбеши үчүн Кардар ушул Келишимде каралган минималдуу төлөмдү төлөөгө тийиш. Минималдуу төлөм кредиттик линиянын пайдаланылган суммасынан кеминде 5% (300 сомдон кем эмес) деп аныкталат жана бул сумма кредиттик милдеттенменин жалпы суммасынан (жалпы карыз) ашпайт. Эгерде кардар учурдагы милдеттенмеси боюнча минималдуу төлөмдү минималдуу төлөмдү төлөө мөөнөтү аяктаганга чейин (айдын акыркы күнү) төлөбөсө, милдеттенме мындай мөөнөт аяктагандан кийинки күндөн тартып мөөнөтү өткөн деп эсептелет жана милдеттенменин аткарылбагандыгынан улам мөөнөтү өткөн пайыздар чегериле баштайт.

3.3. Мөөнөтү өткөн пайыздардын суммасы кредит боюнча аныкталган жылдык пайыздык ченге ылайык эсептелет.

3.4. Жеңилдетилген мезгилде пайыздар алынбайт, мисалы, эгерде Кардар 5-августта кредиттик линия боюнча сумманы колдонгон болсо, жеңилдетилген мезгил кийинки айдын акыркы күнүнө чейин (30-сентябрга чейин) күчүндө болот жана Кардардан пайыздар алынбайт, анткени ал жерде жеңилдетилген мезгилде турат.

3.5. Эгерде Кардар жеңилдетилген мезгил ичинде минималдуу төлөмдү гана төлөсө, анда жеңилдетилген мезгилден кийинки айдын биринчи күнү (1-октябрь), пайыздар кредиттик лимитти пайдаланган күндөн тартып (5-август) жеңилдетилген мезгил ичинде колдонулган жана төлөнбөгөн суммага чегерилет.

3.6. Эгерде кардар жеңилдетилген мезгил ичинде минималдуу төлөмдөн аз төлөсө же эч кандай төлөм төлөбөсө, анда биринчи күндөн (1-октябрдан) тартып жеңилдетилген мезгилден бир айдан кийин (1-октябрь) Кардардын кредиттик милдеттенмеси мөөнөтү кечиктирилген деп эсептелет жана ошол күндөн баштап төлөмдү кечиктиргени үчүн кечиктирилген төлөмдөн пайыздар, ошондой эле кредиттик лимит колдонулган күндөн баштап (5-август) кредиттик линиянын төлөнбөгөн суммасы үчүн пайыздар чегерилет.

## 4. Тараптардын укуктары жана милдеттери

4.1. **Банктын укуктары**:

4.1.1. Кардар кредитти жана/же чегерилген пайыздарды, анын ичинде Кредит келишимине карата тиркемеде жана/же Тарифтерде көрсөтүлгөн башка төлөмдөрдү төлөө мөөнөтүн кечиктирген учурда, Банк Кардардан төлөмдү кечиктиргендиги үчүн туум түрүндөгү үстөк айыпты талап кылууга укуктуу.

4.1.2. Эгерде кардар өзүнүн кредиттик милдеттенмелерин өз убагында жана талаптагыдай аткарбаса, Банк Кардардын макулдугусуз ушул келишим боюнча талап кылуу укугун каалаган үчүнчү жакка, анын ичинде коллектордук агенттиктерге, коллектордук компанияларга жана ушул чөйрөдө адистешкен башка юридикалык жактарга өткөрүп берүүгө укуктуу.

4.1.3. Банк Кардардын финансылык абалын кайра карап чыгууга жана анын жыйынтыгында Кардарга бөлүнгөн кредиттик линиянын лимитин сактоого, көбөйтүүгө, азайтууга же жокко чыгарууга укуктуу.

4.1.4. Банк Кардарга Кардардын учурдагы кредиттик милдеттенмелери жана жаңы кредиттик продукттар жөнүндө маалымдоого, ошондой эле кредиттик линия жок болгон учурда кредиттик линияны бөлүп берүү жөнүндө сунушту Кардарга жөнөтүүгө укуктуу.

4.1.5. Эгерде кардар кредиттик милдеттенменин аткарылышын кечиктирсе, Банк Кардар тарабынан берилген байланыш маалыматтарына (кардардын аты, фамилиясы, атасынын аты, кредиттин суммасы, төлөнбөгөн карыз ж.б.), анын ичинде иш жүзүндөгү жана/же юридикалык дарегине кредит боюнча карыз жөнүндө маалымат, ошондой эле кредитти төлөө күнүнүн өзгөргөндүгү тууралуу маалымат менен кабарлоо (эскертүү, доомат) жөнөтүүгө укуктуу.

4.1.6. Эгерде Кардардын төлөмдү төлөө мөөнөтүн кечиктирүүсү үч календардык күндөн ашык созулса, Банк кредиттик линияны пайдаланууну чектөөгө укуктуу, эгерде ал жүз жыйырма календардык күндөн ашык созулса, бир тараптуу тартипте кредиттик линия келишимин мөөнөтүнөн мурда бузууга жана карыздын толук суммасын талап кылууга укуктуу.

4.1.7. Банк ушул Келишимге бир тараптуу тартипте толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүүгө укуктуу.

4.1.8. Банк ушул Келишим боюнча, ошондой эле Карыз алуучунун кредитти кайтарып берүүсүн камсыздоого байланыштуу бүтүмдөр боюнча өз укуктарын жана милдеттенмелерин Карыз алуучуга кабарлоо менен башка жакка толук же жарым-жартылай өткөрүп берүүгө укуктуу. Карыз алуучунун ушул Келишим боюнча, ошондой эле карыз алуучунун кредитти кайтарып берүүсүн камсыздоого байланыштуу

бүтүмдөр боюнча өз укуктарын жана милдеттенмелерин Банктын жазуу жүзүндөгү макулдугусуз башка жакка толук же жарым-жартылай өткөрүп берүүгө укугу жок.

4.1.9. Кредиттик бюронун (Бюро) катышуучулары болгон финансы-кредит мекемелеринин жалпы кызыкчылыктарын коргоо максатында, алар кредиттер (банктар жана банк ишин жүргүзүүгө лицензиясы бар башка финансы-кредиттик мекемелер үчүн) же зайымдар (лицензиясы жок башка финансы-кредиттик мекемелер үчүн) жөнүндө маалыматты белгиленген тартипте тиешелүү маалыматты Бюрого берүү аркылуу башка финансы институттары менен алмашуу укугун сакташат.

4.1.10. Банк «Террористтик ишти каржылоого каршы аракеттенүү жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү жөнүндө» Мыйзамда каралган тартипте жана негизде ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга Карыз алуучу жөнүндө маалыматты укук ченемдүү берүүнүн жыйынтыгында Карыз алуучуга келтирилген чыгаша, алынбаган пайда же моралдык зыян үчүн жоопкерчиликтен бошотулат;

4.1.11. Банк бир тараптуу түрдө жылдык пайыздык ченемди жана башка тарифтерди/төлөмдөрдү төмөндөтүүгө укуктуу, эгер алар Кардарлар үчүн кредит берүү шарттарын жакшыртууга мүмкүндүк берсе. Чечим Банктын ички саясаты жана процедураларынын негизинде кабыл алынат, Кардар менен макулдашуу талап кылынбайт. Пайыздык ченди төмөндөөсү автоматтык түрдө эффективдүү жылдык пайыздык ченемге чагылдырылат жана Банк тарабынан белгиленген тартип боюнча жылдык пайыздык ченемди төмөндөтүүдөн баштап кайра эсептелет.

4.2. **Банктын милдеттери**:

4.2.1. Кредиттик бюродон алынган маалыматтын негизинде Кардарга кредит берүүдөн баш тарткан учурда, кардардын кайрылуусунун негизинде кийинки жумуш күнүнөн кеч эмес бул тууралуу кардарга маалымат берүүгө (Кардардын Кардарларды тейлөө бөлүмүнө кайрылуусу аркылуу);

4.2.2. Кредиттин жана кредит боюнча чегерилген пайыздардын эсебин жүргүзүүгө;

4.2.3. Кредитти пайдалангандыгы үчүн пайыздарды чегерүүнүн жана кармап калуунун тууралыгын сактоого.

4.2.4. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык башка милдеттенмелер.

4.2.5. Банк купуя маалыматты сактоону камсыздоого, карыз алуучунун алдын ала жазуу жүзүндөгү уруксаты жок ачыкка чыгарбоого, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын белгиленген талаптарынан тышкары, карыз алуучунун берилген жеке маалыматтарын алмашпоого, жарыялабоого же башкача мүмкүн болгон ыкмалар менен ачыкка чыгарбоого милдеттенет;

4.2.6. Банк учурдагы иштиктүү жүгүртүүдө бул сыяктуу маалыматты коргоо үчүн колдонулган тартипке ылайык Карыз алуучунун жеке маалыматтарынын купуялуулугун коргоо үчүн сактык чараларын көрүүгө милдеттенет;

4.3. **Кардардын укуктары:**

4.3.1. Кардар милдеттенмелерди аткаргандан кийин кредит келишимин буза алат, мында кредиттик линия боюнча карызды төлөөгө тийиш.

4.3.2. Кредит келишиминин колдонуу мөөнөтүндө ал карыздын калдыгы жөнүндө көчүрмөнү Банктын тарифтерине ылайык каалаган убакта кагаз жүзүндө жана башка туруктуу алып жүрүүчүдө алууга укуктуу.

4.3.3. Кардар кредиттик лимитти азайтуу, көбөйтүү же жокко чыгаруу өтүнүчү менен Банкка кайрылууга укуктуу. Бул үчүн Кардар Банкка «Simbank» мобилдик колдонмосунун «24/7

колдоо» бөлүмүндө көрсөтүлгөн *7700 номери боюнча же тиешелүү мессенджерлер аркылуу кайрыла алат.

4.4. **Кардардын милдеттери:**

4.4.1. Кардар кредитти арналышы боюнча пайдалануу жана кредитти ар кандай мыйзамсыз максаттар, анын ичинде акчаны адалдоо жана терроризмди каржылоо (мыйзамсыз жол менен алынган кирешелерди легалдаштыруу) үчүн пайдаланбоону кепилдейт жана ал үчүн жоопкерчилик тартат.

4.4.2. Кардар кредит үчүн чегерилген пайыздарды жана башка комиссияларды Кредит келишиминде көрсөтүлгөн мөөнөттө Банкка кайтарып берүүгө милдеттенет.

4.4.3. Кардар белгиленген кредиттик лимиттен ашып кеткен, анын ичинде, бирок чектелбестен, уруксат берилбеген операциялар боюнча карыздар, комиссиялар, айыптар, пенялар, ошондой эле кредиттик лимиттен ашкан каражаттарды пайдалануу натыйжасында пайда болгон башка бардык суммаларды төлөөгө милдеттенет.

4.4.4. Кардар Банкка анык жана бурмаланбаган маалыматты берүүгө милдеттүү. Кардар Банкка берилген документтерде жана маалыматтарда кандайдыр бир өзгөрүүлөр болгон учурда кредит келишимдеринин тиешелүү түрдө аткарылышына, анын ичинде кредит алуу үчүн таасир этиши мүмкүн болгон бардык шарттар жана окуялар тууралуу өзгөртүүлөр киргизилгенден кийинки үч жумуш күнү ичинде тиешелүү тастыктоочу документтерди жана маалыматтарды Кардарларды тейлөө бөлүмүнө кайрылуу аркылуу Банкка берүүгө тийиш.

4.4.5. Кардар Банкка кредит берүү жана пайыздарды чегерүү укугун берет, ошондой эле Банкка төлөмдүн мөөнөтүн кечиктиргендиги үчүн пайыздарды, ошондой эле кредит берүүгө байланыштуу комиссияларды өзүнүн банктык эсептеринен, анын ичинде башка валюталардагы эсептерден, комиссиялык жыйымдарды алуу шартында аларды учурдагы коммерциялык ченге конвертациялоо аркылуу эсептен алуу укугун берет. Акча каражаттарын башка валютада (кредиттик линиянын валютасынан башка) акцептсиз эсептен алуу учурунда, алынган акчаны кредиттик линиянын валютасына конвертациялоо мындай операцияны аткаруу датасына карата Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкынын эсептик курсу боюнча жүргүзүлөт.

4.4.6. Кардар Кыргыз Республикасындагы бардык кредиттик бюролордон өзү жөнүндө бардык маалыматты сурап алууга жана берүүгө макул болот, ошондой эле ушул Келишимдин колдонуу мөөнөтү ичинде каалаган убакта өзүнүн жеке маалыматтарын чек ара аралык берүүгө макул болот.

4.4.7. Карыз алуучу кредит алуу жөнүндө маалыматты жубайына билдирүүгө милдеттенет.

## 5. Келишимдик мамилелерди токтотуу

5.1. Ушул Келишим төмөндөгү учурларда жана төмөнкүдөй тартипте бузулушу мүмкүн:

5.1.1. Кардарга мобилдик колдонмодо маалымдоо менен, Банк тарабынан бир тараптуу тартипте (учурдагы Келишимди артка чакыртып алуу);

5.1.2. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган башка учурларда.

5.2. Ушул Келишимди жана ушул Келишимдин алкагында Кардар менен Банктын ортосунда түзүлгөн келишимдерди колдонууну токтоткон учурда, мыйзамдарда каралган учурлардан тышкары, тараптар келишимдик мамилелерден келип чыккан бири биринин алдындагы бардык милдеттенмелерин аткарууга тийиш.

## 6. Тараптардын жоопкерчилиги

6.1. Ушул Келишим, ошондой эле тиешелүү келишимдер боюнча милдеттенмелерди тийиштүү түрдө аткарбаган тарап Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык экинчи тарапка келтирилген зыян үчүн жоопкерчиликтүү жана ал экинчи тарапка келтирилген зыянды толук көлөмдө төлөп берүүгө тийиш.

6.2. Банк кардар үчүн жана кардар менен үчүнчү жактардын ортосундагы мамилелерден улам үчүнчү жактардын бири бирине каршы дооматтары үчүн жоопкерчилик тартпайт.

6.3. Кардар берилген байланыш маалыматы (мобилдик телефон номери, электрондук почта дареги ж.б.) ага гана таандык экендигин жана ал үчүнчү жактардын маалыматты мыйзамсыз пайдалануусунан келип чыккан тобокелдиктер үчүн толугу менен жооптуу экендигин тастыктайт.

6.4. Кардар үчүнчү жактардын мыйзамсыз пайдалануусуна шилтеме кылуу менен, ушул Келишим боюнча берилген кредиттер боюнча милдеттенмелерин аткаруудан баш тарта албайт.

6.5. Кредиттик милдеттенмелер боюнча алмашуу курсунун жагымсыз өзгөрүүсүнүн жыйынтыгында келип чыгышы мүмкүн болгон финансылык жоготуу тобокелдиги Кредит келишиминин алкагында кардарга жүктөлөт.

6.6. Мындай тобокелдиктин пайда болушу кардардын кредиттик милдеттенмелерди аткаруудан баш тартуусун же бул милдеттенмелерди аткарууну кечиктирүүсүн актабайт жана Кардар эч кандай учурда кредиттик милдеттенмелерди кайра карап чыгууну талап кыла албайт.

## 7. Талаш-тартыштарды чечүү

7.1. Ушул Келишим жана алардын негизинде Кардар менен түзүлгөн келишимдер менен жөнгө салынбаган маселелер Кыргыз Республикасынын Жарандык кодекси, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары жана Кыргыз Республикасынын башка мыйзам актылары менен жөнгө салынат.

7.2. Ушул Келишимден жана алардын алкагында Кардар менен түзүлгөн келишимдерден келип чыккан бардык талаш-тартыштар сүйлөшүүлөр жолу менен чечилет.

7.3. Эгерде кандайдыр бир талаш-тартыш сүйлөшүүлөр жолу менен чечилбесе, бул талаш-тартыш Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын сотторунда чечилүүгө тийиш.

## 8. Форс-мажордук жагдайлар

8.1. Эгерде форс-мажордук жагдайлар ушул Келишимди жана алардын алкагында түзүлгөн келишимдерди аткарууга таасирин тийгизсе, Банк келишимдик милдеттенмелерди аткарбагандыгы үчүн жоопкерчилик тартпайт.

8.2. Банк тарабынан жеңилгис күч жагдайлардын таасири астында көзөмөлдөнбөгөн, анын катасынын же шалаакылыгынын натыйжасында болбогон жана алдын ала айтууга болбогон окуялар, анын ичинде согуш, жарандык башаламандыктар, өрт, жер титирөө, жанар, суу ташкыны, бороон, эпидемия, пандемия, эпизотия, карантин, мамлекеттик жана өкмөттүк органдардын чечимдери жана башка ушул сыяктуу учурлар. Ар кандай окуя компетенттүү мамлекеттик органдардын расмий чечими боюнча гана жеңилгис күч деп таанылат.

БАНКТЫК РЕКВИЗИТТЕР:
«Дос-Кредобанк» ачык акционердик коому
Дареги: Бишкек шаары, Чүй пр., 92;
ИСН: 02002199710092
ИУЖК: 21659737
МСКБ коду:
УККН:
БИК: 121001
Э/э: 1092220100070149 КРУБда

**Документке электрондук цифралык кол коюу менен кол коюлат**

| | |
|---|---|
| Кардар: | Толук аты |
| ИСН: | Кардардын ИСН |
| Кардардын 996000000000 номерине SMS жөнөтүлгөн күн жана убакыт | SMSтин датасы, убактысы жана тексти |
| OTP кодун киргизген күн жана убакыт: | Дата жана убакыт |
| Киргизилген OTP код: | |

№ 1 тиркеме

**Жеке маалыматтар субъектинин анын жеке маалыматтарын чогултууга жана иштеп чыгууга макулдугунун**

**ТИПТҮҮ ФОРМАСЫ**

Мен, ____________________________________________________________

Кыргыз Республикасында ыйгарылган ИЖН: ______________________________

Өздүгүн күбөлөндүргөн документ: ______________ сериясы ___________ № ________
(документтин түрү)

берилген: ________________________________________________________,
(берилген күн, берген органдын аталышы)

Иш жүзүндө жашаган дареги:

______________________________________________________________

______________________________________________________________

Катталган жеринин дареги:

______________________________________________________________

______________________________________________________________

Байланыш телефону: ________________________ эл.почта ______________________

**«Дос-Кредобанк» ААКга** макулдугумду берем

☐ менин жеке маалыматтарымды иштеп чыгууга (жеке маалыматтарды чогултуу, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу (жаңылоо, өзгөртүү), топтоштуруу);

☐ «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана жеке мүнөздөгү маалымат чөйрөсүндөгү башка ченемдик укуктук актыларга ылайык менин жеке маалыматтарымды үчүнчү жактарга берүүгө;

☐ «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана жеке мүнөздөгү маалымат чөйрөсүндөгү башка ченемдик укуктук актыларга ылайык менин жеке маалыматтарымды үчүнчү жактарга берүүгө.

жеке маалыматтардын төмөнкү тизмегине жана аларды өзгөртүү жөнүндө маалыматтарга ылайык: улуттук паспорттун түрү, ЖИН, ФАА, туулган күнү, документтин номери, документти берген органдын аталышы жана анын коду, берилген күнү, жарактуулук мөөнөтү, жынысы, адамдын санарип сүрөтү, жашаган жери, үй-бүлөлүк абалы.

**Жеке маалыматтарды чогултуу, иштеп чыгуу кардарга Кредит берүүгө же бербөөгө байланыштуу чечим кабыл алууга таасирин тийгизиши мүмкүн болгон маалыматты алуу үчүн маалыматтарды текшерүү максатында гана жүргүзүлөт.**

Ушул макулдук Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аныкталуучу жогоруда аталган маалыматтарды камтыган жеке маалыматтарды же документтерди сактоо мөөнөтү аяктаганга чейин берилет.

Жеке маалыматтарды иштеп чыгууга макулдук субъект тарабынан эркин формадагы жазуу жүзүндөгү арыздын негизинде артка чакыртып алынышы мүмкүн. Ушул макулдук артка чакыртылып алынган учурда «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5 жана 15-беренелерине ылайык жеке маалыматтарды иштеп чыгуу толук же жарым-жартылай улантылышы мүмкүн.

Субъект жазуу жүзүндөгү суроо-талап боюнча өзүнүн жеке маалыматтарын иштеп чыгууга тиешелүү маалыматтарды алууга укуктуу («Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесине ылайык).

Мен «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жоболору, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 21-ноябрындагы № 759 токтому менен бекитилген Жеке маалыматтар субъектисинин жеке маалыматтарын чогултууга жана иштетүүгө анын макулдугун алуу тартибин, алардын жеке маалыматтарын үчүнчү тарапка берүү жөнүндө жеке маалыматтар субъекттерине билдирүү тартиби жана формасы менен таанышканымды ырастайм.

Жеке маалыматтарды коргоо жаатындагы укуктар жана милдеттер мага түшүндүрүлдү.

**Документке электрондук цифралык кол коюу менен кол коюлат**

| | |
|---|---|
| Кардар: | Толук аты |
| ИСН: | Кардардын ИСН |
| Кардардын 996000000000 номерине SMS жөнөтүлгөн күн жана убакыт | SMSтин датасы, убактысы жана тексти |
| OTP кодун киргизген күн жана убакыт: | Дата жана убакыт |
| Киргизилген OTP код: | |

№ 2 тиркеме

**Субъекттин жеке маалыматтарды жана салык сырын түзгөн маалыматтарды чогултууга жана иштеп чыгууга арызы (макулдук/артка чакыртып алуу)**

Мен, ______________________________________________________________

Кыргыз Республикасында ыйгарылган ИЖН: ______________________________

Өздүгүн күбөлөндүргөн документ: _______________ сериясы __________ № ________

(документтин түрү)

берилген: ___________________________________________________________,

(берилген күн, берген органдын аталышы)

Иш жүзүндө жашаган дареги:

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

Катталган жеринин дареги:

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

Байланыш телефону: _________________________ эл.почта ________________________

**«Дос-Кредобанк» ААКга** макулдугумду берем

менин жеке маалыматымды (жеке маалыматтарды чогултуу, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу (жаңыртуу, өзгөртүү), топтоштуруу) жана **салык сырын түзгөн маалыматтарды** иштеп чыгууга**;**

«Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана жеке мүнөздөгү маалымат чөйрөсүндөгү башка ченемдик укуктук актыларга ылайык менин жеке маалыматтарымды үчүнчү жактарга берүүгө;

«Кредиттик маалыматты алмашуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык менин жеке маалыматтарымды андан ары иштеп чыгуу (жеке маалыматтарды чогултуу, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу (жаңыртуу, өзгөртүү), топтоштуруу) үчүн кредиттик бюрого берүүгө.

маалыматтардын төмөндөгү тизмесине жана аларды өзгөртүү жөнүндө маалыматтарга ылайык:

1. салык төлөөчүнүн реквизиттери жөнүндө (аталышы же фамилиясы, аты, атасынын аты), ошондой эле салык төлөөчүнүн идентификациялык номери жөнүндө;
2. Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 64-беренесине ылайык салык сырын түзгөн маалыматтар жөнүндө;

Жеке маалыматтарды чогултуу, иштеп чыгуу *жеке маалыматтардын субъекти алуу үчүн кайрылган кызматтарды көрсөтүү максатында* гана жүргүзүлөт.

Ушул макулдук Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аныкталуучу жогоруда аталган маалыматтарды камтыган жеке маалыматтарды же документтерди сактоо мөөнөтү аяктаганга чейин берилет.

Менин жеке маалыматтарымды иштеп чыгууга макулдук эркин формадагы жазуу жүзүндөгү арыздын негизинде артка чакыртып алынышы мүмкүн. Ушул макулдук артка чакыртылып алынган учурда Кыргыз Республикасынын Салык кодексине жана «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5 жана 15-беренелерине ылайык менин жеке маалыматтарымды жана салык сырын түзгөн маалыматты иштеп чыгуу толук же жарым-жартылай улантылышы мүмкүн.

Жазуу жүзүндөгү суроо-талап боюнча менин жеке маалыматтарымды иштеп чыгууга тиешелүү маалыматтарды алууга укуктуу экенимди белгилейт («Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесине ылайык).

Мен «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жоболору, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 21-ноябрындагы № 759 токтому менен бекитилген Жеке маалыматтар субъектисинин жеке маалыматтарын чогултууга жана иштетүүгө анын макулдугун алуу тартибин, алардын жеке маалыматтарын үчүнчү тарапка берүү жөнүндө жеке маалыматтар субъекттерине билдирүү тартиби жана формасы жана салык сырын түзгөн маалыматтарга тиешелүү бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдары менен таанышканымды ырастайм**.**

Жеке маалыматтарды коргоо жаатындагы укуктар жана милдеттер мага түшүндүрүлдү.

**Документке электрондук цифралык кол коюу менен кол коюлат**

| | |
|---|---|
| Кардар: | Толук аты |
| ИСН: | Кардардын ИСН |
| Кардардын 996000000000 номерине SMS жөнөтүлгөн күн жана убакыт | SMSтин датасы, убактысы жана тексти |
| OTP кодун киргизген күн жана убакыт: | Дата жана убакыт |
| Киргизилген OTP код: | |

№ 3 тиркеме

**Жеке маалыматтар субъектинин анын жеке маалыматтарын чогултууга жана иштеп чыгууга макулдугунун**

**ТИПТҮҮ ФОРМАСЫ**

Мен, ____________________________________________________________________

Кыргыз Республикасында ыйгарылган ИЖН: _______________________________

Өздүгүн күбөлөндүргөн документ: ________________ сериясы ___________ № ________

(документтин түрү)

берилген: ________________________________________________________________

(берилген күн, берген органдын аталышы)

Иш жүзүндө жашаган дареги:

__________________________________________________________________________

__________________________________________________________________________

Катталган жеринин дареги:

__________________________________________________________________________

__________________________________________________________________________

Байланыш телефону: ___________________________ эл.почта __________________________

**«Дос-Кредобанк» ААКга** макулдугумду берем

☐ менин жеке маалыматтарымды «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана жеке мүнөздөгү маалымат чөйрөсүндөгү башка ченемдик укуктук актыларга ылайык үчүнчү жактарга (мамлекеттик органдарга, муниципалдык ишканаларга жана башка юридикалык жактарга жана жеке жактарга) берүүгө;

☐ «Кредиттик маалыматты алмашуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык менин жеке маалыматтарымды ушул Келишимдин колдонуу мөөнөтү аралыгында каалаган убакта андан ары иштеп чыгуу (жеке маалыматтарды чогултуу, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу (жаңыртуу, өзгөртүү), топтоштуруу) үчүн кредиттик бюрого берүүгө.

☐ «Кредиттик маалыматты алмашуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык ушул Келишимдин колдонуу мөөнөтү аралыгында каалаган убакта менин жеке маалыматтарымды үчүнчү жактарга чек ара аралык берүүгө.

жеке маалыматтардын төмөнкү тизмегине жана аларды өзгөртүү жөнүндө маалыматтарга ылайык: улуттук паспорттун түрү, ЖИН, ФАА, туулган күнү, документтин номери, документти берген органдын аталышы жана анын коду, берилген күнү, жарактуулук мөөнөтү, жынысы, адамдын санарип сүрөтү, жашаган жери, үй-бүлөлүк абалы, кредиттик маалымат.

**Жеке маалыматтарды чогултуу, иштеп чыгуу ушул Келишимдин колдонуу мөөнөтү аралыгында каалаган убакта маалыматты алуу үчүн дайындарды текшерүү максатында гана жүргүзүлөт.**

Ушул макулдук Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аныкталуучу жогоруда аталган маалыматтарды камтыган жеке маалыматтарды же документтерди сактоо мөөнөтү аяктаганга чейин берилет.

Жеке маалыматтарды иштеп чыгууга макулдук субъект тарабынан эркин формадагы жазуу жүзүндөгү арыздын негизинде артка чакыртып алынышы мүмкүн. Ушул макулдук артка чакыртылып алынган учурда «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5 жана 15-беренелерине ылайык жеке маалыматтарды иштеп чыгуу толук же жарым-жартылай улантылышы мүмкүн.

Субъект жазуу жүзүндөгү суроо-талап боюнча өзүнүн жеке маалыматтарын иштеп чыгууга тиешелүү маалыматтарды алууга укуктуу («Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесине ылайык).

Мен «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жоболору, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 21-ноябрындагы № 759 токтому менен бекитилген Жеке маалыматтар субъектисинин жеке маалыматтарын чогултууга жана иштетүүгө анын макулдугун алуу тартибин, алардын жеке маалыматтарын үчүнчү тарапка берүү жөнүндө жеке маалыматтар субъекттерине билдирүү тартиби жана формасы менен таанышканымды ырастайм.

Жеке маалыматтарды коргоо жаатындагы укуктар жана милдеттер мага түшүндүрүлдү.

| | |
|---|---|
| Кардар: | Толук аты |
| ИСН: | Кардардын ИСН |
| Кардардын 996000000000 номерине SMS жөнөтүлгөн күн жана убакыт | SMSтин датасы, убактысы жана тексти |
| ОТР кодун киргизген күн жана убакыт: | Дата жана убакыт |
| Киргизилген ОТР код: | |

**Документке электрондук цифралык кол коюу менен кол коюлат**